**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы алдындагы тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д 97.23.671 диссертациялык кеңешинин**

**ПРОТОКОЛУ № 38**

**Бишкек ш.** **25-октябрь 2024-ж.**

***Төрага:*** Осмонов Ө. Ж. – т.и.д., профессор
***Окумуштуу катчы:*** Карыева А. К. – т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. (07.00.02).
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
4. Абытов Байболот Капарович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
5. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
6. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
7. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. (07.00.02).
8. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – т.и.д. (07.00.02).
9. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д. (07.00.09).
10. Кылычев Акылбек Мукаевич – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
11. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
12. Ормушев Асан Сулайманович – т.и.д. (07.00.02).
13. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д. (07.00.02).

**Күн тартиби:**

3. Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин «Кадамжай районунун тарыхы)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин алдын ала коргоосу.

Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы.

*Илимий жетекчиси:* тарых илимдеринин доктору, профессор Каратаев О. К.

*Эксперттик комиссиянын курамы:* т.и.д., профессор Абытов Б. К.
т.и.д., профессор Джуманалиев А.
т.и.д., профессор Ормушев А. С.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроолоруңуздар барбы? Добуш бериңиздер:
«Макул» - 13, бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага:** Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет

**Окумуштуу катчы:** изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** окумуштуу катчыга суроонуздар барбы? Жок. Анда сөз изденүүчү Таиров Хайриддин Рахманалиевичге берилет.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү.

Менин кандидаттык диссертациямдын темасы "Хадамжай районунун тарыхы".

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасын 2040-жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аймактарды заман талабына шайкеш, узак мөөнөттүү өнүгүү программаларын илимий жана тастыкталган көз караштардын негизинде өнүктүрүү каралган. Чаймак таануу багытындагы илимий эмгектердин маанилүүлүгү түздөн-түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү багытын аныктоодо аймактардын өнүгүүсүнө да чоң маани берилүүдө. Административдик-аймактык бөлүнүү жагынан стратегиялык жактан өлкө үчүн маанилүү болгон Баткен облусунун курамына кирген Кадамжай районунун советтик доордогу жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы каралды. Райондун курамындагы Кадамжай, Айдаркен шаарчаларына Президенттин буйругу менен 2012-жылы шаар статустары берилген.

Мамлекеттин аймактарды өнүктүрүү саясатына ылайык алардын калыптанып, өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемалардан. Биричиден, өлкөнүн аймактарынын тарыхын изилдөө ишинде Кадамжай районунун калыптанып, өнүгүү тарыхын изилдөө иши буга чейинки тарыхнаамалык эмгектердин атайын изилдөө объектиси болгон эмес, ошондуктан аймак таануу багытындагы тарыхнаамалык эмгектерди толуктамакчы.

Экинчиден, Кадамжай району стратегиялык жактан өзгөчө макамга ээ Баткен областынын аймагында жайгашкандыктан, областтын административдик субъектиси комплекстүү изилдөөнү талап кылат.

Үчүнчүдөн, изилдөөгө алынып жаткан райондун аймагында Кыргызстандын өнөр-жайынын тарыхындагы кен иштетүүчү ири ишканалар орун алган. Райондун совет доорундагы калыптануу, өнүгүү этаптарынан баштап, эгемендүүлүк мезгилдеги пландуу өнүгүүдөн базар экономикасына өтүү учурундагы коомдук-саясий, экономикалык трансформацияլануусунун тарыхый өнүгүү процессин илимий изилдөөгө алуу бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири катары эсептелет.

Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык иштин негизги **максаты** – Кадамжай районунун Совет доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет. Изилдөө ишинин максатына ылайык төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. илилдөө ишинин объектисине жана предметине ылайык тарыхнаамалык эмгектерге, тарыхый булактык базага анализ берүү;
2. Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхына сересеп салуу;
3. райондун Совет мезгилиндеги айыл чарбасынын өнүгүү абалын изилдөө;
4. Кадамжай районунун Совет доорундагы өнөр жайынын тарыхына, анын ичинде союздук маанидеги Кадамжай жана Айдаркен кен иштетүүчү комбинаттардын өнүгүүсүн илимий негиздүү изилдөөгө алуу;
5. райондогу ири ишканалардын советтик жана Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүүсүнө кошкон салымын иликтөө;
6. дүйнө жүзүндө сымап эталону катары кабыл алынган Айдаркен сымап комбинатынын курулушу жана өнүгүүсүн изилдөө;
7. Кыргызстандагы эн ири ишканалардын бири болгон Кадамжай сурма комбинатынын курулушун жана өнүгүүсүн изилдөө;
8. райондогу өнөр-жай ишканаларындагы иштеген алдыңкы новатор жумушчулар, инженерлер, жетекчилер тууралу изилдөөлөр ишке ашырылды;
9. Кадамжай районунун эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тарыхый баа берүү;
10. райондун 1991-2008-жылдар аралыгындагы өнөр жайынын, чакан жана орто ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн багыттарына илимий анализ жасоо;
11. райондун айыл чарбасын, экономикасын, илим жана билим берүү, маданиятынын өнүктүрүүнүн перспективаларынын иш жүзүнө ашуусун сыпаттоо;
12. чөлкөмдөгү туризмди өнүктүрүү багытындагы потенциалын ачып берүү;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кадамжай районун советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып, райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди;

2. Баткен облусунун курамына кирген өнөр жайлуу жана айыл чарбалуу Кадамжай районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча абалкы иликтөөлор ишке ашырылды;

3. Кадамжай районунун административдик-аймактык түзүлүшүнүн советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги калыптануу тарыхы, тарыхый булактардын негизинде тарыхый анализге алынды.

4. Совет мезгилиндеги районднүүн айыл чарбасынын өнүгүүсүнүн абалы боюнча илимий анализ жасалды;

5. Кадамжай районунун Совет доорундагы өнөр жайынын тарыхы изилдөөгө алынып, СССРдеги жана республикадагы түстүү металл өндүрүү боюнча ири ишканалардан болгон Кадамжай жана Айдаркен кен иштетүүчү комбинаттарынын советтик жана республикалык өнөр жайдын өнүгүүсүнө кошкон салымы аныкталды;

6. Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги Кадамжай районунун социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүсүнө жана алардын багыттарына ааныктама берилди;

7. өлкөнүн эгемендүүлүк мезгилиндеги Кадамжай районундагы өнөр жайынын өнүгүүсүнүн перспективаларына илимий анализдер жасалды;

8. Кадамжай аймагы учурдагы глобалдык согуштук-саясий туруксуз мезгилиндеги республика үчүн маанилүү чөлкөм экендиги такталды.

**Изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктары тарыхнаамалык негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу-усулдук, край таануу багытындагы китептерин даярдоодо кеңири пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарстарды окууда колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюучу негизги жоболору**:

1. Кадамжай районун өз алдынча административдик-территориялык аймак катары калыптануусуна 1920-1930-жылдардагы Кыргызстандын советтик мамлекеттик түзүлүү этаптарындагы райондоштуруу боюнча мамлекеттик чечимдери негизги болгон;

2. -административдик-аймактык территорияларга бөлүштүрүү принциптеринин жана советтик башкаруу системасынын Фергана өрөөнүн райондоштуруудагы өз учурундагы кетирилген мүчүлүштүктөрү райондун аймагынынын коопсуздугуна түздөн-түз таасирин тийгизүүдө;

3. Кадамжай районунун аймагында коңшу мамлекеттердин анклавдарынын болушу эгемендүүлүк мезгилдеги чек арадагы конфликтердин келип чыгышына, о.э. райондун экономикалык коопсуздугун жараткан;

4. Кадамжай району Совет мезгилинде союздук маанидеги стратегиялык өнөр жайлары бай аймак болгон. Дүйнөлүк сапаты жогорку сурма, сымапты чыгаруучу Кадамжай жана Айдаркен метталлургиялык комбинаттары өндүрүмдүүлүгү боюнча Кыргызстандын оор өнөр жайынын совет мезгилиндеги өнүгүүсүнүн башында турган ири ишканалары болгон;

5. райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, автомобиль жолдору, темир жолдун жакындыгы, эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу өнүгүүгө жакшы шарт жаратат.

6. экономикасынын өнүгүшү, калктын жашоо тиричилигинин жакшырышына, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданий мекемелеринин материалдык базасынын чыңдалышын, калктын социалдык-маданий денгээлинин өсүшүн камсыз кылган;

7. эгемендүүлүк мезгилдин 1991-2008-жылдар аралыгындагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө айыл чарба, өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, экономикасын диверсификациялоо, жергиликтүү ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, айыл чарба, өнөр жай рыногун кеңейтүү үчүн кабыл алынган мамлекеттик программалар, реформалар райондун аймагынын экономикалык өнүгүүсүндө жакшы натыйжаларды берген эмес;

8. сымап, сурма, вольфрам ж.б. жаратылышта сейрек кездешүүчү металлдарды (сырье) иштетүү Кыргызстандын экономикалык потенциалынын жогорулашына себеп болот;

9. Кадамжай аймагы жана анын чарбалык-экономикалык өнүгүүсү Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсүнө зор салым кошо алат;

10. глобалдык саясаттын туруксуз абалында аймактын өнүгүүсү Кыргыз Республикасынын стратегиялык абалынынын чыңалуусуна да зор таасирин тийгизет;

11. аймактын кооз жаратылыш шарттары, рельефи жана ландщафты, тарыхый-этнографиялык эстеликтери туризмди өнүктүрүүгө, кеңири жайылтууга салымын кошот.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен илимий жаңылыктары республикалык жана Эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, Симпозиумдарда изденүүчү тарабынан апробацияланган. Мамлекеттик жана коомдук ишмер А.Масалиевдин 80 жылдыгына жана БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференцияда (апрель, 2013-ж.), 2014-жыл Кыргыз Республикасында “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылынын” жарыяланышына карата уюштурулган I эл аралык «Түрк элдеринин мамлекетти башкаруу салты» конгрессинде (2014-ж. 3-4-апрель) ж.б.

Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен мазмуну Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын илимий иштерге койгон талабына ылайык, атайын рецензиялануучу чет өлкөлүк жана жергиликтүү илимий журналдарга чыккан 12 илимий макалда чагылдырылган.

Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, жети бөлүктөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациялык иштин жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- Кадамжай районунун совет доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык тарыхын чагылдырган булактар мазмуну, маалыматтуулугу жана көлөмү боюнча бири-биринен айырмаланат. Булактарды иликтөөнүн учурунда болуп өткөн окуялардын жаралышы, окуялар, фактылар, жүрүшү жана натыйжалары, андагы инсандардын ишмердүүлүктөрү диссертацияда бүгүнкү деңгээлдеги илимий изилдөөнүн методологиясынын жана расмий көз караштардын нугунда каралды.
- Кадамжай районунун негизделиши сымап, сурма өндүрүүдөн башталса, анын кийинки коомдук-саясий турмушу да өнөр жай тармагы менен тыгыз байланышкан. Анткени райондун аймагы жаратылыш кен байлыктарына (вольфрам, коргошун, көмүр, нефть, күкүрт, түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдар ж.б.), курулуш материалдары үчүн керектүү сырьёго бай.
- Сымап, сурма өндүрүү менен кошо курулуш, жеңил, тамак-аш өнөр жайы өнүккөн, натыйжада шаардын инфратүзүмү жакшырган. Калктын саны менен кошо анын курамы да өскөн. Шаардын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн натыйжасында областтык маанидеги район макамына (1938-ж.) ээ болгон.
- Райондун кендери Өзбекстан менен Тажикстанды да камсыздоо менен бирге өлкөнүн экономикалык потенциалын жогорулаткан, шаардын өнөр жай ишканалары союздук министрликтерге баш ийүү менен Кыргызстандын эле эмес, СССРдин экономикалык өнүгүүсүнө да олуттуу салым кошкон, натыйжада Кадамжай аймагы түштүктөгү ири өнөр жайлуу райондордун бирине айланган.
- Райондун экономикасынын жогорулашы билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданий мекемелердин тармагын кеңейткен, өнөр жайын, социалдык мекемелерди атайын билимдүү адистер менен камсыз кылуу үчүн атайын кесиптик жана жогорку окуу жайлары ачылган, Кадамжай жумушчулардын гана району болбостон, интеллигенциянын жана жаштардын сүйүктүү шаарына айланган, шахтада иштеген жумушчулардын, катардагы кызматкерлердин арасынан мамлекет башчылары жана төрт Социалисттик эмгектин баатырлары чыккан.

- Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарындагы экономикалык кризис, жумушсуздук жана миграция көйгөйлөрү район бийлигин ашыкча чыгымдарды кыскартуу, менчиктештирүү, инвестиция тартуу, чакан жана орто бизнести колдоо ж.б. аракеттерди жасоого түрткөн жана анын натыйжасында райондо экономикалык туруктуулук орногон.
- райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу жана кадамжайлыктардын бакчылыкка багыт алуусу, максаттуу аракеттери өнүгүү стратегиясына ыңгайлуу.

Стратегиялык жактан ыңгайлуу шартта жайгашкан Кадамжай районунун дүйнөлүк ааламдашуу шартындагы социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк арбын.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Төрага:** сөз Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин «Кадамжай районунун тарыхы)» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазымасы боюнча диссертациялык кеңештин эксперттерине берилет. Сөз т.и.д., профессор Акылбек Джуманалиевчитин эксперттик корутундусу менен тааныштыруу үчүн окумуштуу катчыга берилет.

**Окумуштуу катчы:** эксперт, т.и.д., профессор А. Джуманалиевди корутундусун окуп берди. (Корутунду тиркелет)

**Төрага:** сөз эксперт, т.и.д., профессор Абытов Б. Капаровичке берилет. Байболот Капарович онлайн катышып жатат.

**Абытов Б. К.** Корутундусу менен тааныштырды. Дисертациялык иштин актуалдуулугу менен анын жетишилген жактарына токтолуу менен диссертациялык ишти ачык коргоого катыл алуунуу сунуштады. (Корутунду пикир тиркелет).

**Төрага:** сөз т.и.д., профессор Ормушев Асан Сулаймановичке берилет.

**Ормушев А. С**.: Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин «Кадамжай районунун тарыхы)» деген диссертациясынын кол жазмасы биринчи алып келгенден бир кыйла оңдолду. Диссертациянын тарыхый булактык базасы жакшы, тема актуалдуу. Коргоого сунуш кылам. (Корутунду тиркелет).

**Төрага:** кесиптештер, бүгүн үч эксперт тең коргоого кабыл алууну сунуш кылып жатат. Пикириңиздер кандай.

.

**ТАЛКУУ:** т.и.д., профессор Жакыпбеков Ж., т.и.д., профессор Алымбаев Ж. Б., т.и.д. Эсенкулов Н. Ж. Ж.б. катышышты.

**Төрага:** урматтуу кесиптештер эксперттердин корутундууларын берүүнү добушка коем:

“Макул” – бир добуштан.

**Торага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, диссертациялык кеңештин токтомун бекитүүгө өтөлү.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңеши

**Токтом кылат:**

1. Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин «Кадамжай районунун тарыхы» деген темадагы кандидаттык диссертация боюнча диссертациялык кеңештин эксперттик корутундусу бекитилсин.

2. Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазган «Кадамжай районунун тарыхы» деген темадагы диссертациялык иши 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектөөчү мекеме* катары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых кафедрасы.

*Биринчи расмий оппонентике* – Абытов Байболот Капарович – тарых илимдеринин доктору, профессор.

*Экинчи расмий оппонентике* – Рыскулов Токтобек Мамбетович – тарых илимдеринин кандидаты, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы.

Диссертациялык кеңештин төрагасы Осмонов Ө. Ж.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчы Карыева А. К.